**Төлегенова Дина Мелдебек кызынын "Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү" деген темада 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин расмий оппонентинин**

# ПИКИРИ

Төлегенова Дина Мелдебек кызынын "Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү" аттуу 10.02.06 – түрк тилдери адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши түркология жаатындагы актуалдуу маселеге арналган эмгек экендигин белгилейбиз.

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Жалпы эле фитонимдерге байланыштуу аталыштар тилдин базистик лексикасына киргендиктен, аларга структуралык-семантикалык, этимологиялык өңүттөн анализ жүргүзүү тилдин өнүгүү тарыхы жөнүндө кенен маалымат беришинде шек жаратпайт. Түрк тилдеринин анын ичинде кыргыз тилинин тарыхый өнүгүүсүн өсүмдүктөрдүн өнүгүүсү менен тыгыз байланышта иликтөө диссертациялык иштин негизги маселеси. Фитонимдер тилдин тарыхый өнүгүүсүнө сөзсүз таасирин тийгизүү менен ошол тилдин лексикалык корунунун баюсуна негиз болот. Буга чейин түркологияда болобу, кыргыз тил илиминде болобу фитонимдер маселесине тилчи-окумуштуулар мурдатан эле көңүл бурулуп келгендиги анык. Андагы өсүмдүктөргө байланыштуу семантикалык, структуралык өзгөчөлүктөрүн түрк тилдеринин, кыргыз тилинин фитонимдик корунунун материалында комплекстүү жана системдүү түрдө изилдөө жана алардагы факты-материалдар диссертанттын илимий ишин толуктап турат. Фитонимдерди изилдөө иши түркологиянын теориялык маселелерин гана эмес, айрым терминологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө да таяныч материал катары кызмат аткара тургандыгын диссертант илимий ишинде белгилейт. Аталган иштин тектештирме-тарыхый өңүттө изилдөө түрк элдеринин материалдык жана руханий маданиятын ачып берүүдө негизги берик болуп берүүсүндө шек жок. Бул эмгектин актуалдуулугу түрк тилдеринин ортосундагы фитонимдердин бири-бирине болгон өзгөчөлүктөрү, окшоштуктарын салыштырма-тектештирме жана тарыхый-салыштырма өңүттө биринчи жолу илимий изилдөө жүргүзүлүп жаткандыгында.

**2. Маселени изилдөөнүн абалы жана жаңылыгы** катарында, биринчи кезекте кыргыз тилиндеги жана жалпы түрк тилдер системасындагы

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 10-24-48
« 17 » 06 2025 г.

фитонимдердин тектештирме-тарыхый өңүттөн каралып жаткандыгы болуп эсептелет. Кыргыз тилиндеги байыркы фитонимдик катмардын жалпы эле түрк тилдериндеги фитонимдик катмардын калыптануусуна олуттуу таасири жана жалпы түрк тилдериндеги фитонимдик архетиптердин кыргыз тилинде сакталуусун байыркы фитонимдердин алкагында кенири иликтөө жүргүзүү да саамалык катарында кароого болот. Кыргыз жана түрк тилдериндеги фитонимдик өнүмдүү морфемалар алгачкы жолу фитонимдик форма катары системалуу түрдө салыштыра талданып, фитоним системасындагы тарыхый лексика экендиги далилденген.

3. Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү катарында фактылардын анализдениши индукция жана дедукциялык принципте ишке ашырылган. Ошондой эле тарыхый-хронологияык усулдун негизинде иликтенген. Ошол эле учурда түрк тилдеринде болобу, кыргыз тил илиминде болобу ( Б. М. Юнусалиев, К. М. Мусаев, Л. В. Дмитриева, Ю. В. Норманская, Н. В. Коновалова, Т. Н. Бурмистрова, В. Б. Колосова, В. А. Меркулова, Т. Д. Барышникова, М. Летова, Ж. М. Омашева, И. В. Лукьянова, Н. В. Бурганова, Р. Г. Ахметьянов, А. Г. Шайхулов, Э. Р. Ахметова, Ч. И. Фиргалиеванын, Р. З. Сафарова, А. Ш. Ишмухаметова, В. Егоров, Г. А. Дегтярев, Ю. Дмитриева, Р. С. Акманова, А. К. Усманов, Х. А. Джамалханов, Ш. Баратов, Г. Ш. Назарова, Э. С. Кулиев, С. А. Кукаева, Дж. Б. Мирзаханова, А. Б. Семенова, М. Бигамбетов, А. Шамшатова, Г. И. Уюкбаева, Б. Калиев, А. Б. Шормакова, Ж. Жумалиев, Э. Г. Хурибаева) фитонимдер боюнча изилдеген окумуштуулардын изилдөөлөрүнө көңүл бурулуп, алардагы бир катар ыкмаларды колдонуу менен анализ жүргүзүү сыяктуу иш аракеттери пайдаланылган.

**4. Илимий иштин практикалык маанисин** диссертант биринчи кезекте, кыргыз жана түрк тилдериндеги фитонимдердин концептуалдык мазмуну менен да байланыштуу экендигин далилдейт. Изилдөөгө алынган конкреттүү факты-материалдар кыргыз тилинин семантикалык мүмкүнчүлүгүн так чагылдыруу менен бир катар тилдик структура катарында тарыхый өнүгүүсүн көрсөтө аларын белгилейт. Ошондой эле иште талдоого алынган тилдик материалдарды кыргыз тилинин лексикасынын тарыхый катмарларын тереӊ ачып берүү жана фитонимиянын морфемалык түзүлүшүн тарыхый жактан анализдөө иштерин илимий жактан кеңири пайдаланууга болорун ачыктайт. Жыйынтыгында изденүүчү түрк тилдеринин лингвистикалык маселелери боюнча лексикалык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болорун ошону менен бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыт боюнча илимий-методикалык окуу куралдарын,

типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунуштайт.

**5. Изденүүчүнүн маселеге байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы** катары илимий изилдөөдө азыркы түрк (кыргыз жана казак) тилдериндеги фитонимдердин реестринин түзүлүшүнүн, түрк тилдерине орток элдик ботаникалык аталыштардын атоо принциптери, структуралык-семантикалык өзгөчөлүктөрү автордун жеке салымы болуп саналат.

**6. Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары** жалпы түрк тилдеринин теориялык маселелерине сереп салууга жана салыштырма грамматика, түрк тилдердин типологиясын, тектештирме тарыхый грамматикасы боюнча изилдөө иштеринде, тарыхый фонетика тармактарын иликтөөдө илимий теориялык жана практикалык өңүттөн ишке ашырылган.

**7. Жаңылык жана натыйжалардын ишмердүүлүгү** боюнча беш натыйжаны аныктайт. Бардык натыйжалар жаңы. Маселен, биринчи натыйжа адамдын ой жүгүртүүсү менен түшүнүгү өнүккөн сайын фитоним да өз маанисин кеңейте баштайт. Фитонимдин мааниси ошол заттын дал өзүн таанытпастан, ал тилди алып жүрүүчүлөрдүн дүйнө таанымын чагылдырат деп белгилейт.

Экинчи натыйжада түрк тилдериндеги байыркы фитонимдик катмар кыргыз тилиндеги фитонимдик кордун концептуалдык негизин түзөт.

Үчүнчү натыйжа. Кыргыз тилиндеги өсүмдүктөр дүйнөсүн чагылдырган лексика жалпы семанын негизинде лексика-семантикалык байланыштагы семантикалык талаага биригет. Лексика-семантикалык топтун негизин жалпы түрк тилдерине орток фитонимдер түзөрүн, ошону менен бирге кыргыз тилине гана мүнөздүү фитонимдер да бар экендигин белгилейт.

Төртүнчү натыйжада болсо өсүмдүктөр аталыштарындагы номинация процесси адамдардын таанып-билүү жана таксономиялык ишмердиги менен байланыша турганын, ошондой эле атоо процессинде өсүмдүктөрдүн реалдуу (түсү, даамы, жыты, бийиктиги, түзүлүшү, бөлүктөрү, жалбырагынын формасы, жештүүлүгү, дарылык касиети ж.б.) жана негизги белгилерине карата аталарын аныктайт.

Ал эми бешинчиде түрк тилдериндеги фитонимдер түзүлүшү боюнча тубаса, туунду, жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Кыргыз тилиндеги байыркы фитонимдик катмардын жалпы түрк тилдериндеги фитонимдик лексикасынын өнүгүүсүндөгү динамикалык ролу жана түрк тилиндеги байыркы архетиптердин фоносемантикасынан ачык көрүнөрүн көрсөтөт.

Ошону менен бирге диссертанттын илимий ишиндеги жыйынтыгындагы маселени дагы бир натыйжа катары белгилеп кетсек. Анда мындай делет: Байыркы жазма булактардагы фитонимдердин азыркы түрк тилдерине болгон катышын алсак кыргыз тилине карата көп кездешет. Байыркы жазма булактардагы маалыматтарды, факты-материалдарды түрк тилдеринде изилдөөдө кыргыз тили аркылуу илимий иликтөөлөрдү жүргүзсөк жакшы жыйынтыгын берет эле деген олуттуу маселени көтөрөт.

**8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси катары** изилдөө ишинин башкы объектиси катары эсептелген түрк тилдериндеги фитонимдерге карата тектештирме мааниси түркология илиминде өзөктүү маселелердин бири экендиги талашсыз. Андыктан иштеги негизги теориялык жоболор, жаңылыктар натыйжалар түркологияда актуалдуу жаңы изилдөөлөргө өбөлгө түзсө, ал эми анын практикалык мааниси ЖОЖдордо лекциялык курстарды, магистрлик, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жазууда илимий-теориялык материал катары кызмат кыла аларында шек жаратпайт.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоодо** изилдөө ишинин мазмуну логика-структуралык ырааттуулукка ээ жана андагы негизги концептуалдык өзөк иштин жалпы мазмунун түзүп турат. Ал эми иште түрк тилдериндеги фитонимдердеги негизги лингвистикалык процесстер, андагы изилдөөдөн алынган тыянактар өз ара ички бүтүндүккө ээ болуу менен иштеги коюлган максатка жана милдеттерге ылайык чыгарылган.

**10. Изденүүчүнүн тилдик илимий, стилдик жана логикалык өзгөчөлүктөрүндөгү** баяндоо стили илимий стилге коюлуучу бардык негизги талаптарга жооп берет. Атап айтканда, теориялык маселелердин табиятын сыпаттоодо далилдердин аргументтердин ынанымдуулугу, ар тараптуулугу өндүү параметрлердин сакталгандыгын, ошону менен бирге орфографиялык, пунктуациялык жана техникалык мүчүлүштүктөрдүн жокко эсе экендигин белгилөөгө болот. Мындан тышкары, диссертациялык иштин мазмундук өзөгү анда коюлган башкы максатка, конкреттүү милдеттерге жана коргоого коюлуучу негизги жоболорго ылайык ырааттуулукта каралгандыгы иштин логика-структуралык ички биримдикке ээ экендигин айгинелейт.

**Сын-пикирлер жана сунуштар.** Эксперт катары жана эксперттердин диссертациялык иш боюнча айтылган сунуш-кеңештери диссертант тарабынан эске алынган. Сунуш катары белгилеп кетсем, диссертациялык иштин тиркемесинде иликтенген түрк тилиндеги фитонимдер ар бири өз-

өзүнчө таблица иретинде берилген. Илимий иш салыштырма иретинде болуп жаткандыктан бир эле таблицага берилсе жакшы болмок.

Жыйынтыктап айтканда, **Төлегенова Дина Мелдебек кызынын "Түрк тилдериндеги фитонимдердин структура-семантикалык өзгөчөлүктөрү"** деген темада **10.02.06 – түрк тилдери** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптарына толугу менен жооп берет. Ал эми анын автору **Төлегенова Дина Мелдебек кызы 10.02.06 – түрк тилдери** адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий 1-оппонент К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын башчысы, ф.и.д., доцент** **Усмамбетов Б.Ж.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«15» 06 2025 ж.

**2025-15-июнь**